УДК: 373.3

Мусаева А.А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУНУН НЕГИЗДЕРИ

*Макалада башталгыч мектепте инсанга багытталган окутуунун негиздери тууралуу маалыматтар берилди. Ошондой эле инсанга багытталган окутуунун максаттары, аны ишке ашырууда окуучуда калыптанган инсандык компоненттер камтылды.*

***Негизги сөздөр:*** *инсанга багытталган окутуу, окуучу, компетенттүүлүк, өзгөчөлүк, окутуунун технологиялары, инсан, дифференциация, инсандык компонент.*

*В данной статье дана информация о личностно-ориентированном обучении в начальной школе. Также рассмотрены цели и формированные личностные компоненты при реализации личностно-ориентированного обучения.*

***Ключевые слова:*** *личностно-ориентированное обучение, ученик, компетнтность, особенность, технологии обучения, личность, дифференциация, личностный компонент.*

*This article gives information about student-centered learning in the elementary school.*

*Also discusses the objective and organized personal components when implementing student-centered learning.*

***Key words:*** *personal oriented training, apprentice, competence, feature, technology training, personality, differentiation, personal component.*

Бүгүнкү күндө коомдо болуп жаткан социалдык-экономикалык, турмуштук өнүгүү, өзгөрүүлөр билим берүү системасын өркүндөтүү үчүн тезинен чечимдерди кабыл алууну шарттайт. Алар системанын алдына жаңы максаттарды коюу, аларга жетүү ыкмаларын жаңылоо жана түзөтүүлөрдү киргизүү үчүн туруктуу системаны калыптандыруу зарылдыгын пайда кылат.

Бул багытта башталгыч билим берүү системасы да өнүгүү, өзгөрүү жолунда десек болот. Ошол себептүү башталгыч класстын окуучуларын коомдук өзгөрүүлөргө даярдап, аларда мобилдүүлүк, динамизм, ишкердик сыяктуу сапаттарды калыптандыруу зарыл. Балада тиешелүү билим, билгичтик, ыкмаларды өздөштүрүү менен гана бул сапаттар камсыз болушу мүмкүн эмес. Бүгүнкү күндө эң негизги маселе: баланын өздүк тандоосу, ресурстарды натыйжалуу пайдалануусу, теорияны практика менен айкалыштыра алуусу, өзүн-өзү баалоо системасында жөндөмдөрдү калыптандыруусу жана тез өзгөрүп жаткан коомдо жашоо үчүн зарыл болгон жөндөмдүүлүктөрдүн түрлөрү талап кылынат.

Учурда Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын реформалоо, алдыга жаңы максаттарды коюу, заманбап башталгыч билим берүүнүн баалуулуктарын аныктоо натыйжага багыт алган билим берүү принциптерине карата «башталгыч мектепте баалоо системасына» жана «инсанга багытталган окутууга» өзгөчө көңүл буруу менен, билим берүүнүн натыйжаларын тыкан көзөмөлдөө ишмердүүлүгү алдынкы планга чыкты.

Мындай шартка ылайык заманбап педагогдун милдети болуп, окутуу процессинде жаңы педагогикалык технологияларды колдоно алуусу жана ар бир балага жөндөмүнө жараша мамиле кылуусу саналат. Анткени коом баланы өтө тез, өзгөрмөлүү шарттарга кабылтып, андан улам жаңы милдеттерди чечүүнү талап

кылат. Проблемаларга карата ыкмаларды издөө, кырдаалды чыгармачылык менен ойлонуу, тигил же бул иш-аракеттердин натыйжаларын болжолдоо, аларды анализдөө, жаңы жолдорду табуу сыяктуу тажрыйбалар бул милдеттерди чечүүнү камсыздайт. Ошондуктан мындай тажрыйбага мектепке чейинки билим берүү системасында жана башталгыч мектепте ээ болуу зарыл. Ушуга байланыштуу башталгыч билим берүү системасы окуучуларга өзгөрүлүп жаткан коомдо туура багыт алууга жана ийгиликтүү болууга жардам бере турган жолдорду камсыз кылууга тийиш жана аны инсанга багытталган окутуу камсыздайт.

Дүйнө жүзүндө жалпы орто билим берүү мектептеринде билим берүү системасынын өнүгүүсүн жетектөөчү стратегиялык багыт болуп инсанга багытталган билим берүү саналат.

Инсанга багытталган окутуу бүгүнкү күндүн көз карашында билим берүүнүн форматын коомдук өнүгүүнүн механизми жана ресурсу катары карайт. Ошону менен бирге окуучунун инсанына ориентир алуу менен окутуу массалык мектептердин заманбап практикасында сейрек кездешет. Бул мамилени башталгыч мектепте колдонуу зарылчылыгы менен мектепте теориялык негизинин жетишсиз иштелип чыгышынын ортосунда карама-каршылыктар бар. Ошентсе да мугалимдин окутуу ишмердүүлүгүнө жараша процесс тигил же бул деңгээлде ишке ашып жатат.

Изилдөөчү Д.Г.Левитес: «Окутуунун инсанга багытталган билим берүү процесси ар бир окуучуга анын өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө, кызыкчылыктарына, каалоолоруна, баалуулук багытталышына жана субьективдүү тажрыйбасына таянуу менен, таанып билүүдө, окуу ишмердигинде жана окуу жүрүм-турумунда өзүн жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет» - деп белгилейт [2].

Ал эми инсанга багытталган окутуунун негизинде философиядагы, психологиядагы, педагогикадагы гуманисттик багыттардын принциптери Карл Роджерс тарабына иштелип чыккан [4]. Анда индивид дайыма өзгөрүп туруучу дүйнө борборунда турары, ар бири үчүн өзүн курчап турган айлананы кабылдоонун менчик дүйнөсүнүн маанилүүлүгү, бала курчап турган чындыкты өзүнүн жеке мамилелери жана түшүнүүсү аркылуу кабыл алары, индивид өзүн-өзү таанып билүүгө жана өзүн-өзү жүзөгө ашырууга умтулары, ал өзүн-өзү өркүндөтүүгө болгон ички мүмкүнчүлүктөргө, жөндөмдүүлүктөргө ээ экендиги ж.б. маанилүү идеялар камтылган.

Демек, окумуштуулардын пикирлерине таянсак, башталгыч мектепте инсанга багытталган окутуунун негизги максаттары болуп: кенже мектеп окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү, баланын инсандык мүнөзүн максималдуу ачуу аракеттери, сабак учурунда берилген социалдык маанилүү үлгүлөрдү өздөштүрүү, кайрадан түзүлүшүнө багытталган, ар бир баланын жекече ишмердиги катары түшүндүрүлүшү, ар бир окуучунун субьектилик тажрыйбасын аныктап чыгуу жана аны социалдаштыруу боюнча иш жүргүзүү зарылдыгы, билимдерди өздөштүрүүдө баланын мүмкүнчүлүгүн жана жекече баалуу сапаттарын эске алуучу анын өнүгүүсүнүн каражатына айлануусу саналат.

Жогоруда идеяны окумуштуу И.Бекбоевдин: «Инсанга багытталган окутуу окуучу ар бир билим берүү процессинин борбору, мугалим менен окуучу тең укуктуу партнер, окутуу ишинин максаты окуучунун субьективдүү тажрыйбасын кубаттоо, жаратуу, өнүктүрүү деген түшүнүктөр менен мүнөздөлөт» -деп

обьективдүү белгилеген пикири тастыктайт [1].

Ошентип, башталгыч билим берүү системасында бул идеялардын аткарылышында көңүл борборунда окуучу, анын окууга болгон өз алдынчалыгы менен шартталат. Мектепте окуу-методикалык комплекстер да инсандын өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. Окуучунун өз алдынчалуугунун өнүгүшүнө ылайык бирдиктүү окуу-методикалык комплекстери: окуу китеби, дидактикалык материалдар, окуучулардын өз алдынча ишмердигин уюштуруу үчүн окуу-методикалык колдонмолор, сөздүктөр, маалымдамалар, картографиялык материалдар, окутуунун электрондук каражаттары, аудиовизуалдык каражаттар маанилүү. Ошону менен катар эле инсанга багытталган окутууну колго алуу жана ишке ашыруу инсанга багытталган педагогикалык технологияларды жана педагогдун кесиптик позицияларын кайрадан өзгөртүп чыгуусу менен гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Өлкөбүздө жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын, билим берүүнүн компетенттүү натыйжаларына багытталган жаңы предметтик стандарттарды, окуу планын жана окуу методикалык комплекстерди киргизүү өлкөбүздүн билим берүү системасын жаңы принциптерге көтөрүү жолдорунун бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты максаттарды, милдеттерди, милдеттүү маани-маңызын, ырааттуулукту жана баа берүүнүн негизги принциптерин билдирет, билим берүүнүн натыйжаларын белгилейт, аларга карата окуу ишке ашырылат жана билим берүү системасына баа берилет.

(КРда Жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (КР Өкмөтүнүн №403 токтому, 2014-ж, 21-июль)[3].

Билим берүү стандарттары аркылуу билим берүүнүн маңызын өзгөртүүнүн максаты болуп башталгыч мектептин окуучулары креативдүүлүк (чыгармачыл мамиленин жардамы менен ар кандай татаал кырдаалдардан чыга алуу, өзүн курчап турган чөйрөнү өзгөртө билүү), көп маданияттуулук, толеранттуулук, атуулдук, жогорку этикалык деңгээл, эмгекти сүйүү, өз алдынча чечим кабыл алууга болгон жөндөмдүүлүк, алган билимдерди турмушта колдоно билүү, коммуникативдүүлүк, демилгелүүлүк, өмүр бою окууга жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө багыт алышы сыяктуу сапаттарды калыптандырууну камсыз кылуучу компетенттүүлүктөргө ээ болушу саналат. Бул ыкма окуучулардын маалыматка ээ болуусун эмес, практикалык иште келип чыккан көйгөйлөрдү чече билишин жана иштин ыкмаларына ээ болушун биринчи орунга койгондугу компетенттүү мамиленин өзгөчөлүгү болуп саналат. Ошондуктан бүгүнкү күндө башталгыч класста өтүлүп жаткан ар бир сабакта жаңы теманын планында кандай технологиялар колдонула тургандыгы, ал аркылуу мазмунга жараша окуучуларда кандай компетенттүүлүктөр калыптанары иштелип чыгат. Мугалим да инсанга багытталган окутуунун негизинде ар бир окуучуга жөндөмүнө жараша жекече педагогикалык мамиле жасайт. Натыйжада, балада инсандык компоненттер калыптана баштайт.

Башталгыч класстарда инсандык компонент катары ар бир сабак окуучуларды төмөнкү үч багытта тарбиялайт:

1) аларды сабакта окулуп жаткан программалык материалдын мазмуну тарбиялайт, анткени ал материалды өздөштүрүүнүн негизинде окуучунун дүйнөгө

болгон жекече көз карашы калыптанат. Мисалы, мекен таануу сабагында баланын Мекенге, жаратылышка, айлана-чөйрөгө болгон сезими ойгонуп, ал тууралуу маалымат алууда мурдагы баалуулуктар топтому андан ары байыйт, өркүндөйт. Натыйжада, ар бир окуучуга карата багытталган мамиле анын теориялык билимин, кийинки турмушунда практикада колдоно тургандай компетенттүүлүктөрдү камсыздайт;

2) аларды мугалимдин сабак өтүү методикасы (же активдүү, же пассивдүү) тарбиялайт. Окутуунун ар кандай методикалары менен таанышууда балада тажрыйба топтолот да, өзүн-өзү өнүктүрүүгө багыт алат, айрым бала мугалимди идеал тутат да, келечекте мугалимдик кесипти тандоосу мүмкүн;

3) аларды мугалимдин окуучуларга жасаган мамилеси, адилеттиги, боорукерлиги, адамкерчилиги, эрудициясы, чынчылдыгы, жүрүш-туруш манерасы, тышкы көрүнүшү тарбиялайт. Бул инсандык сапаттарды окуучу өзүндө чагылдырат. Бул куракта бардык жүрүш-туруштун оң сапаттарын бала өзүнө сиңирип, кайра зарыл учурда кайталоо менен өзүндө калыптандырат.

Билим берүүнүн мазмуну боюнча ар кандай деңгээлдеги мектептин, ар бир педагогикалык коллективдин окуу-тарбия ишинин сапаты акыркы натыйжасы окуучулардын билиминин деңгээли (демек, окутуунун) сапаты менен аныкталып бааланат, окутуунун сапаты болсо, өз кезегинде, билим берүүнүн мазмунуна байланыштуу, ал жеке инсанга багытталышы шарт.

Азыркы мезгилде башталгыч класста «Инсанды багыттап окутуунун» талабына ылайык билим берүүнүн мазмунун аныктоодо ар бир окуучунун субъекттик таанып билүүчүлүк тажрыйбасын да, окуучу эмнеге көбүрөөк кызыга тургандыгын да жана окуу материалын үйрөнүүнүн өзүнө ылайыктуу ыкмаларын окуучу өз демилгеси менен тандап алууга мүмүнчүлүк түзүү да сөзсүз эске алынышы зарыл экендигин баса белгилөөгө болот. Анткени коомдун өтө тездик менен өнүгүү агымы өсүп келе жаткан баланын психологиясында сөзсүз түрдө өз изин калтыруу менен, анын айлана-чөйрөгө болгон көз карашын, реалдуулуктун үлгүлөрүн кабыл алуусун, кызыгуусун, баалуулук ориентациясын өзгөртүүгө дуушар кылды, башкача айтканда, бала жекече мамилени коомдон талап кылып калды.

Билим берүүнүн мазмунунун жогоруда көрсөтүлгөн элементтерин, ошондой эле аларды өздөштүрүүнүн ыкмаларын билүү аркылуу окутуунун ар кандай методунда мугалимдин да жана окуучунун да эмгектенүүсүн спецификалык бөтөнчөлүгүн аныкталат. Бирок билимди алганы менен бардык эле окуучу аны практикада пайдалана албоосу мүмкүн, ал үчүн эмгектенүүнүн буга чейин белгилүү болгон ыкмасын үйрөнүүсү керек, ал ыкманы окуучу бир нече иреет кайталап аткарууга тийиш. Ошондо гана ишмердүүлүктөн коомдо буга чейин белгилүү болгон жана окуучуга да белгилүү болуп жаткан ыкмалар окуучунун көндүмүнө (анын өздүк ыкмасына) айланат. Мугалим окуучуларга эмгектенүүнүн белгилүү ыкмасын түшүндүрөт, зарыл болгон учурда аны кандайча аткаруу керек экендигин иштеп көрсөтөт, андан кийин ал ыкманы окуучунун практика жүзүндө кайталап аткарышын камсыз кылат. Башкача айтканда, окуучуларда биринчи иретте өздөштүрүлгөн билимдерди практика жүзүндө пайдалана билүүнүн көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн мугалим окуучулардын репродуктивдик иш-аракеттерин (көнүгүүлөрдү аткаруу, окулган текстти кайталап айтып берүү, материалды баяндап айтуу, практикалык иштерди аткаруу ж. у. с.) уюштуруп өткөрөт. Натыйжада,

окуучулар ишмердүүлүктүн ыкмаларын мугалимдин көрсөткөн үлгүсү боюнча гана өздөштүрүшөт.

Бирок даяр түрдө кабыл алынып өздөштүрүлгөн маалыматтар да, мугалимдин көрсөткөн үлгүсү боюнча калыптанган билгичтиктер да чыгармачылык эмгектенүүнүн тажрыйбасын үйрөнүп өздөштүрүүнү камсыз кыла албайт. Анткени чыгармачылык эмгектенүүгө мүнөздүү болгон ар бир белгини (жаңы проблеманы көрө билүү, белгилүү эле обңектинин жаңыча колдонулушун – жаңы функциясын көрө билүү, ар бир проблеманы чечүүнүн альтернативдерин көрө билүү ж. б.) мугалим кандай гана жол менен дааналап түшүндүрбөсүн, баары бир окуучу дал ошол белгилер менен мүнөздөлүүчү психикалык сапаттарга ээ боло албайт. Мындай сапаттарга ээ болуу үчүн окуучу чыгармачылык ыкмалар менен иштөө талап кылынуучу кырдаалга  дуушар болуп, ошол ыкмаларды ал өзү аткаруусу керек. Бул учурда жекече мамиле аркылуу баланын кызыгуусу роль ойнойт.

Мына ошентип, билимдерден, билгичтиктерден жана көндүмдөрдөн айырмалуу чыгармачылык эмгектенүүнүн тажрыйбасын окуучу өзү үчүн жаңы, кызыктуу проблемаларды  чечүү жолу менен гана өздөштүрө алат. Муну уюштуруп ишке ашыруу үчүн мугалим окуучуларга жеткиликтүү, бирок аларды жетишээрлик даражада тырышып ойлонтуучу проблемаларды түзүп алып, аларды үйрөнүлүүчү билимдердин контекстине киргизип, кыйын проблеманы майда проблемаларга ажыратып, алардын чыгарылышына жалпы жетекчилик кылып багыттап, ар бирине жекече педагогикалык мамиле жасайт. Бул жолдор, анын ишке ашуусу инсанга багыттап окутуу стратегиясын аныктайт. Ошентип, окуучуда инсанга багытталган чөйрөнүн  төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт, алар:

- окуучунун өз алдынча изденүүсүнө, өз алдынча иштөөсүнө, өз алдынча ачылыш жасоосуна мүмкүнчүлүк түзүлөт;
- окутуу процессинин белгилүү бир ишмердүүлүккө болгон багыты эске алынат;
- ар түрдүү жетишкендикке ээ окуучуларга багытталган жаңы варианттарды түзүү үчүн дидактикалык материалдар колдонулат;
- ар бир окуучунун таанууучулук жөндөмдүүлүгү эске алынуу менен, тандалган окуу куралдардын жардамында  билимдердин топтому ченемдүү берилет;
- ар бир баланын индивидуалдуулугуна жана мүмкүнчүлүгүнө  жараша активдүүлүгү камсыздалат;
- мугалимге да, окуучуларга да иштин жекече түрү же топ менен иштөөнү эркин тандоосуна мүмкүнчүлүк түзүлөт;
- өтүлө турган теманын окуу материалы баланын таанууучулук өзгөчөлүгүнө шайкеш келүүсү өз ара макулдашылат;
- таанууучулук ишмердүүлүк алгач окуучу тарабынан, андан кийин мугалим тарабынан бааланат.
- үйгө берилген тапшырманы балдар  көлөмү, татаалдыгы, формасы боюнча эркин тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Б., 2011.

2. Кибардина Л.П. Инсанга багыттап окутуу. //Мектепте окутуунун инновациялык технологиялары – Б., 2007.

3. КРда Жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты. КР Өкмөтүнүн №403 токтому, 2014-ж, 21-июль.

4. Якиманская И.С. Личностно-ориентированное обучение в современной школе. – М.: Сентябрь, 1996.